ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК: 94 (5) DOI:10.35803/1694-5298.2022.1.114-121

**АСИПБАЕВА М.Б., КАУЛБЕКОВА Р.А.**
[1]Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, Бишкек, Кыргыз Республикасы
[1]Кыргызский национальный университет им.Ж.Баласагына, Бишкек, Кыргызская Республика

**ASIPBAEVA M.B., KAULBEKOVA R.A.**
[1]KNU named after Zh. Balasagyn, Bishkek, Kyrgyz Republic
kaulbekovar@gmail.com asipbaeba72@mail.ru

# ТҮРК ЭЛДЕРИНИН УЛУУ АГАРТУУЧУСУ ИСМАИЛ ГАСПРИНСКИЙ

# ВЕЛИКИЙ ПРОСВЕТИТЕЛЬ ТЮРКСКИХ НАРОДОВ ИСМАИЛ ГАСПРИНСКИЙ

# THE GREAT ENLIGHTENER OF THE TURKIC PEOPLE ISMAIL GASPRINSKY

*Макала түрк элдеринин көрүнүктүү агартуучусу, коомдук ишмер, ойчул, жадидчилик кыймылынын негиздөөчүсү жана публицист Исмаил Гаспринскийдин өмүрү жана ишмердүүлүгүн изилдөөгө арналган. Исмаил Гаспринский европалык цивилизациянын жетишкендиктери жөнүндө ой жүгүрткөн. Ал Парижде жүргөн кезинде котормочулук, кайра Крымга кайтып келгенде окутуучулук кесипти аркалап, Бахчисарай шаардык думасынын депутаты, шаар башчысы катары кызмат кылган. Исмаил Гаспринский «Терджиман» гезити аркылуу өз идеяларын тараткан.*
***Өзөк сөздөр:*** *Исмаил Гаспринский, Бахчисарай, медресе, жаңы методдор, жадиддердин кыймылы, «Терджиман».*

*В статье рассматривается жизнь и деятельность Исмаила Гаспринского, видного просветителя, общественного деятеля, мыслителя, основателя джадидского движения и публициста. Исмаил Гаспринский размышлял о достижениях европейской цивилизации. Исмаил Гаспринский распространял свои идеи через газету «Терджиман».*
***Ключевые слова:*** *Исмаил Гаспринский, Бахчисарай, медресе,новый метод, жадидизм, «Терджиман».*

*The article examines the life and work of Ismail Gasprinsky, a prominent educator, public figure, thinker, founder of the Jadid movement and publicist. Ismail Gasprinsky reflected on the achievements of European civilization. Ismail Gasprinsky spread his ideas through the Terdzhiman newspaper.*
***Key words:*** *Ismail Gasprinsky, Bakhchisaray, madrasah, new method, jadidism, "Terdzhiman".*

Крым татар агартуучусу Исмаил Гаспринский Россиянын ички аймагындагы мусулмандар арасында эле эмес, жалпы Орто Азия жана Казахстандагы XIX к. аягы — XX к. башындагы мектептерде билим берүүнүн жана агартуунун улуу реформатару болгон. Исмаил Гаспринский Россия империясынын аймагындагы, ошондой эле колонияларындагы мусулман медреселеринде окутуунун мазмунун жана методдорун өркүндөтүүнү жактап, аларда математика, география, тарых, биология сыяктуу сабактарды, окутуу зарылдыгын жактаган жана аны ишке ашырган өз доорунун көрүнүктүү кайра куруучусу.

Россия империясынын аймагындагы мусулман элдеринин артта калгандыгын жоюу, аларды караңгылыктан чыгаруу, бириктирүү үчүн жалпы билим берүү системасын сунуштап, жалпы түрк мусулман элдерин окутууда «Усул жадид» деп аталган окутуунун

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

жаңы ыкмасын киргизген. Исмаил Гаспринскийдин түрк-мусулман элдеринин тарыхындагы орду эбегейсиз зор деп айтсак жаңылышпайбыз, андыктан изилденүүгө алынган илимий макаланын темасы учурдун актуалдуу маселелеринин бири. Ал эми изилдөөнүн максаты түрк мусулман дүйнөсүнүн агартуучусу Исмаил Гаспринскийдин өмүрү жана ишмердүүлүгүн, коомдогу ээлеген ордун ачып көрсөтүү саналат. Изилдөөнүн методологиялык негизин биографиялык жана баяндоо ыкмалары түздү.

Чыгыш элдеринин көрүнүктүү агартуучусу, коомдук ишмер, ойчул, жадидчиликтин негиздөөчүсү жана публицист И. Исмаил-бей Гаспралы 1851-жылы 8-март (21-март) Таври губерниясынын Ялта уездинин Авжыкей айылында (азыркы Крымдын Бахчисарай району) орус армиясынын офицери Мустафа Али уулунун үй-бүлөсүндө туулган. Кийинчерээк, Крым согушунун (1853-1856-жж.) мезгилинде, тактап айтканда 1854-жылы Исмаил Гаспринскийдин үй-бүлөсү Бахчисарай шаарына көчүп келген [1, 30-б.].

Аскердик кызмата жетишкен жеке ийгиликтери үчүн 1854-жылы 19-апрелде Исмаил Гаспринскийдин атасы Мустафа Али уулу жана анын үй-бүлөсүнө дворян теги ыйгарылат [2, 13-б.]. Исмаил Гаспринскийдин атасы 1829-1864-жж. аралыгында болуп өткөн Кавказ согуштарынын катышуучусу жана генерал-адъютант М.С. Воронцовдун алдында чыгыш тилдери боюнча аскердик котормочу катары кызмат көрсөткөн. Мына ушундай жетишкендиктери үчүн Мустафа Али уулу 1853-ж. поручик чинин алган.

Ата-энеси Исмаил Гаспринскийди 8 жаш курагында медресеге берген, бул жерден ал алгач сабатсыздыгын жоюп, биринчи мугалими Ажы-Исмаил-агадан жазганды, окуганды үйрөнөт. Ал 10 жашында Симферополдук эркектер гимназиясына тапшырган. Исмаилдин атасы Мустафа-бей аскер адамы болгондуктан, ал уулун өз жолун жолдоп, аскердик карьера менен кетүүсүн туура деп эсептеген. Ушудан улам 1863-жылы Мустафа-бей уулу Исмаилди Воронеждеги кадеттер корпусуна окууга жөнөткөн. 1864-жылдын февраль айында Исмаил Экинчи Москвалык аскердик гимназияга киргизилген, бирок бул гимназияда ал 1867-жылга чейин гана билим алып, толук курсту бүтүрүрө алган эмес [1, 30-б.].

Исмаил Гаспринскийге жана аны менен гимназияда чогуу окуган литвалык татар Мустафа Давидовичке гимназиянын окутуучусу жана жетекчиси, белгилүү панславянист, «Московские новости» гезитинин редактору М. Катков көңүл буруп, аларды жума сайын өз үйүнө чакырып турган. Бирок, 1867-жылы Кипр аралындагы көтөрүлүш учурунда М.Катковдун Түркияга болгон кастык мамилесин билгизиши, Исмаил жана анын досу Литвалык татар Мустафа Давидовичтин тескери реакциясын пайда кылган, ушул эле жылы алар Бахчисарайга кайтып келишкен [2, 13-б.].

Бул учурда М. Н. Катков Россиянын эң көрүнүктүү публицистеринин бири болчу, ал «Орус жарчысы» журналына көрүнүктүү орус жазуучулары, атап айтсак, Ф.М. Достоевский, Л.Н. Толстой, И.С. Тургеневдер чыгармаларын жарыялап турушкан. М. Катков россиялык саясий басмакананын негиздөөчүсү, ушул себептен ал «Орус жарчысы» журналына адабият бөлүмүнөн тышкары, башкы редактордун позициясы чагылдырылган саясий бөлүм ачып, анда поляк, еврей маселелери, нигилизм, социализм, билим берүүдөгү реформалар сыяктуу учурдун эң көйгөйлүү маселелер жарыяланган. 1860-ж. орто ченинде М.Н. Катков Россияда байыркы тилдерди окутуу менен классикалык гуманитардык билим берүү системасын киргизүүнү активдүү коргой баштайт. Ушул мезгилден тартып «Москва ведомостунун» редакциясы окуу реформаларын даярдоонун чыныгы штабына айланат» [3, 27-б.]. 1868-жылдын 13-январында М. Катков коомго классикалык билим берүүнүн артыкчылыктарын иш жүзүндө далилдөө максатында Россияда үлгүлүү болгон окуу жайды, падыша Николай атындагы лицейди негиздеген, ал учурунда эл арасында «катковдун лицейи» деген аталышка ээ болгон [3, 29-б.].

Албетте, Исмаил Гаспринскийдин жаш курагында эле (бул учурда ал 12-16 жашта болчу) көрүнүктүү панславянист М.Н. Катков сыяктуу инсандар менен байланышта болуусу, аны Россиянын либералдык коомчулуктун чөйрөсүнө аралашуусуна алып келсе,

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

бул өз учурунда анын кийинки коомдук-саясий көз караштарынын, ошондой эле россиялык түрк-мусулман дүйнөсүнүн улуу агартуучусу катары калыптанышына чоң из калтырган.

Исмаил Гаспринскийдин Москвадагы кадет корпусунда окуп жүргөн учуру XIX кылымдын 60-жылдарындагы Россиядагы улуу реформалардын мезгилине туш келет.

Исмаил Гаспринский Москвадагы гимназияда окуп жүргөн учурунда орус, француз тилдерин, сүрөт тартууну, тарых, алгебра жана геометрияны үйрөнгөн. Ал 1867-жылы жайында «үй-бүлөлүк шартка байланыштуу» аскердик-окуу жайлардын башкы начальнигинин буйругу менен аскердик гимназиядан чыгарылган [4, 41-б.]

Ошентип, Исмаил-бей 1867-жылы Бахчисарайга кайтып келет. 1870-жылдын 21-мартында Симферополь эркектер гимназиясынын Педагогикалык Кеңешинин чечими менен И.Гаспринский орус тили мугалими кызматына алат [4, 41-б.].

И. Гаспринский Бахчисарайда Зынжырлы медреседе орус тилинен сабак бере баштаган. Бирок, билим берүүнүн салттуу ыкмаларын кескин сынга алганы үчүн, ал консервативдүү маанайдагы студенттер жана кесиптештери тарабынан аны аёосуз четке кагылган [2, 13-б.]. Ушул себептен ал мугалимдик кесипти таштап, француз тили боюнча билимин өркүндөтүү максатында 1871-жылы Вена аркылуу Парижге барган. И.Гаспринский Парижде жүргөндө жарнама агенттиктеринде котормочу, ошондой эле ал орустун улуу жазуучусу Иван Тургеневдин катчысы болуп да иштеген. Парижде ал орус гезиттери үчүн корреспонденция жаза баштаган.

Парижде жүргөн мезгилинде европалык маданият менен жакындан таанышкан Исмаил Гаспринский “Беспристрастный взгляд на европейскую цивилизацию” аттуу макаласын жазат, бул макала 1885-жылы ‘Matbaa-i Ebuzziya’ деген стамбулдук басмаканалардын биринен жарыкка чыгат. Бирок, Исмаил-бей Россиядан 1906-ж. бул макаланын бир бөлүгүн социализмге арналган «Мезхебе иштиракийюн» («Социалистическое учение”) деген аталышта жарыялаган. Макада ал өзүнүн европалык цивилизациянын жетишкендиктеринин пайдасыздыгы жана мүмкүн эместиги жөнүндө ой жүгүртүү менен европалыктардын турмуш шартына, үрп-адатына карата болгон көз карашын билдирген. Анын пикири боюнча орустардын жана мусулмандардын чыныгы турмушун кайра куруууга болот. Ошондой эле Исмаил-бей макалада прогресс үчүн умтулууга аракет кылгандарды сынга алуу менен, европалык маданияты толук өздөштүрүүгө чакырган.

Ал ошондой эле Испанияда, Польшада болуп, Австро-Венгриядагы славяндар менен мусулмандардын өз ара мамилелери менен жеке таанышууга мүмкүнчүлүк алган. Европада жашаган үч жыл - батыштын коомдук моделин изилдөө жана аны Россия менен салыштыруу үчүн жетиштүү мөөнөт болгон. Француз тилин билүү батыштын маданий мурастарын изилдөөгө жол ачкан. Парижде университетте окуп, чыгыш тилдер мектебине барган [5, 28-б.]. Андыктан чет өлкөдөгү жашаган бул учуру И. Гаспринскийдин дүйнө таанымын калыптандырууда чоң роль ойногон.

1871-1874-жылдары Исмаил Гаспринский Парижде жашагандан кийин Стамбулга барган, жолдон ал Алжир, Сирия, Египет жана Тунисте болгон. Ал Стамбулда 1874-1875-жылдардын аралыгында өзүнүн чоң атасы турциялык армиянын адъютант-майору Халиль-бей Гаспринскийдикинде жашаган.

Стамбулда жашаган бир жыл аралыгында Исмаил Гаспринский турциялык аскердик колледжге тапшырууга аракет жасайт, бирок анын бул каалоосуна ошол учурдагы Россия империясынын Турциядагы элчиси граф Н.П. Игнатьевден (1832-1908-жж.) Осмон империясынын улуу вазири Махмуд Недим-пашанын атына нааразычылык келип түшүп, Исмаил-бейдин окууга тапшыруу өтүнүчү кабыл алынбайт [6, 128-б.].

Россиялык мусулмандардын келечектеги агартуучусу Исмаил Гаспринский Стамбулда жүргөн учурунда султан Абдул-Азиз Россияга чоң ишеним артып, Россиянын Осман империясында таасири күч алып турган эле, тактап айтканда россиялык-турциялык мамилелердин жакындашуу мезгили болчу [7, 97-б.].

1874-жылы Исмаил Гаспринскийдин Стамбулга келген учурунда Осман империясында 1839-жылдан 1871-жылга чейин созулган танзимат (*Турциянын тарыхындагы 1839-1871-жылдардын аралыгында болуп өткөн реформалар мезгили)* мезгили аяктаган. 1871-1875-жж. өткөөл мезгилде Осмон империясында кезек-кезеги менен үч идеология - османизм, түрк улутчулдугу жана панисламизм үстөмдүк кылып, жыйынтыгында султан Абдул Хамид IIнин (1876-1908-жж.) башкаруу жылдары үстөмдүк кылуучу идеологияга айланат. Турциялык интелигенциянын таасирдүү топторунун ичинен жашыруун коомго бириккен «жаңы осмондордо» (1865-1878-жж.) османизм жана панисламизм идеяларынын айкашы үстөмдүк кылган [7, 103-б.]. «Жаңы осмондордун» курамына (Намык Кемаль, Шемседдин Сами, Ахмед Мидхад ж.б.) жазуучуларда кирген, алар осмон тилин жөнөкөйлөтүү, аны араб-перс тилдеринен киргизилген сөздөрдөн тазалоо жөнүндөгү идеяларды колдошкон. Исмаил Гаспринский бул коомдун көптөгөн мүчөлөрү менен тааныш болуп, алардын идеяларын "Терджиман" газетасын түзүүдө, аны чыгарууда колдонот. И. Гаспринскийдин «жаңы осмондор» менен болгон жакындыгын тактаган фактыга токтолсок, ал жашыруун коомдун көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири Тевфик Эбуззиге таандык "Matbaa-i Ebuzziya" басмасы менен кызматашкан. Бул басма аркылуу жогоруда эскертилген анын "Беспристрастный взгляд на европейскую цивилизацию" аттуу чакан китебин чыгарган. Албетте, бир жылдай Стамбулда жашаган Исмаил Гаспринский османизм, ошондой эле панисламизм идеялары менен жакындан таанышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, алардын кээ бир аспектилерин ал өзүнүн агартуучулук ишмердүүлүгүндө колдонгон.

Исмаил Гаспринский Осмон империясында жүргөндө өлкөнүн экономикалык кризис мезгили болуп, ал 1875-1878-жж. Балкан кризисинин башталышына, ошондой эле 1875-жылы империянын банкрот деп официалдуу жарыяланышына туш болгон. Мындай кырдаал И. Гаспринский Росссиядагы түрк-мусулмандар өнүгүү жолуна орустардын ортомчулугу аркылуу жетишерин түшүнгөн, анткени Европа алар үчүн өтө эле бөтөн, ал эми түрктөр биргелешип түрк элдерин агартуучулук жана алдыга жылуу жүрүштөрүн жетектөөгө алы жетпейт [2, 45-б.] деп баамдаган.

1876-жылы И. Гаспринский өз мекени болгон Бахчисарайга келип, жергиликтүү окуу жайлардын бирине окутуучу болуп орношкон. Ушул эле жылы ал крымдык татар Ялталык Молдо Асандын 14 жаштагы кызына үйлөнгөн [8, 6-б.]. Исмаил Гаспринский ал аялы менен ажырашкан, бул никесинен Хатиджа аттуу кыздуу болгон.

1878-жылдын март айында И. Гаспринский Бахчисарай шаардык думасына, ушул эле жылдын ноябрь айында шаар башчысынын орун басары болуп шайланган. 1879-ж. 5-мартында губернатор А.А. Кавелин И. Гаспринскийди шаар башчысынын кызматына бекитет. Бул кызматта 1884-ж. 5-мартына чейин иштеген. Бахчисарайдын муниципалитетин башкаруу менен көпчүлүк убактысын шаардын жетиштүүлүгүн, маданиятын жогоруулоосун жакшыртуу маселелерине жумшаган. 1883-жылы Россия империясынын ички иштер министрлигинен бахчисарай шаардык Думасында 34 татар, 3 армян, 2 карачай жана 2 орус улуттарынан турган улуттардын чакан кеңешин түзгөн.

1882-жылы Исмаил Гаспринский кайрадан үйлөнөт. Бул ирет Симбирск шаарындагы Эсфандияр Акчурин аттуу бай татар фабриканттын кызы Зухра Акчуринага үйлөнгөн [5, 30-б.]. И. Гаспринский бул никесинен беш балалуу болот, анын үчөөсү уул - Рефат, Джевдет жана Хайдер, ал эми экөөсү кыз - Шефика жана Бегия.

Исмаил-бей 1879-жылдан 1882-жылга чейинки үч жылдын ичинде ал жеке басмакананы ачууга жана өз эне тилинде газета басып чыгарууга уруксат алуу үчүн бир нече жолу Санкт-Петербурга барган. Бирок, урксат алган учурда да ал көптөгөн проблемаларга туш болот, алсак, газетага жазылуучуларды жана ага жарыялоо үчүн материалдарды издөө кыйынга турган. Учурдун булл кыйынчылыктарын ал кийинчерээк өзүнүн гезитине минтип жазган: «Петербургда болжолдонгон басмакананы ачуу тууралуу кулактандырууну басып чыгарып, биз Россиянын ар кайсы аймактарындагы мусулмандарды жолуктурууга мүмкүн болгон Нижегородогу ярмаркага бардык» [9, 58-59-б.]. Новгород Россиядагы мусулмандардын маданий борборлорунун бири, ушул жерден ал

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

биринчи жолу «Тержуман» гезитине жазылган алгачкы 100 адамды табат. Ошентип И. Гаспринский чогултулган каражатка типография ачат. 1882-ж. «Тонгуч» («Тунгуч»), «Шефаг» («Таң») жана «Календарь» сыяктуу жыйнактарын басып чыгарган.

1883-жылдын 10 апрелинде андан кийин бир топ мезгил бою Россияда жалгыз түрк тилиндеги мезгилдүү басма болгон, орус-татар гезети «Терджимандын» («Котормочу») биринчи саны жарык көргөн [2, 14-б.].

И. Гаспринский өзүнүн гезитинин милдетин төмөнкүчө аныктайт: «Алланын аты менен баштап, чындык менен агартууга кызмат кылуу үчүн колубузга калем кармадык. Котормочу мусулмандар чөйрөсүндөгү маданий турмуштун салмактуу жана пайдалуу маалыматтарын таратуучу, ошондой эле орус турмушу, көз караштары, муктаждыктары менен тааныштыруучу күч катары кызмат кылат» [9, 60-б.].

Көптөгөн изилдөөчүлөр Исмаил Гаспринскийдин жеке басмаканасынын жана гезит басып чыгаруу ийгилигин 1883-жылы Крымдын Россияга кошулушунун 100 жылдык юблейине туш келиши менен байланыштырышат. Изилдөөчүлөрдүн пикиринде Россиялык бийлик дүйнөлүк коомчулукка мусулман калкынын мүдөөсүнө жана өтүнүчүнө өзүнүн ачыктыгын көрсөтүү болгон.

1883-жылдын апрель айынан баштап Бахчисарайда 300 жазылуучусу бар «Терджиман» гезити жумасына чыгарылып турган.

Ошентип Исмаил Гаспринский 1883-жылдан тартып жеке басмаканага ээ болуу менен “Терджиман” гезитинин беттерине өзүнүн агартуучулук идеяларын жайылтууга активдүү киришкен. Ал эми 1884-жылы Бахчисарайда анын жетекчилигинде 40 окуучудан турган тажрыйбалуу үлгүдөгү мектеп ачылат. Бул мектепте окуу жана жазуу “усул-и джадид” (ар. “жаңы метод”) жаңы тыбыштык ыкма киргизилген. Жаңы киргизилген окутуу ыкмасы кийинчерээк Россиядагы мусулмандардын агартуу кыймылы – джадидизм деп аталат. Исмаил Гаспринский бул мектепте окутууну гана жүргүзбөстөн, ошондой эле ал жаңы ыкма боюнча алгачкы окуу куралын «Балдардын мугалимин» (“Ходжа-и субъян”) жазган.

“Терджиман” гезити аркылуу Исмаил Гаспринский, бирдиктүү түрк тилин түзүүгө чакырыгын, окутуунун жаңы ыкмасынын ийгилиги жөнүндө, Россиялык мусулмандарды агартуу ишинин зарылдыгы тууралуу идеяларын жарыялаган. Анын идеялары Поволжьеде, Кавказда, Орто Азияда белгилүү боло баштаган. Крымга бул аймактардан жаңы ыкманы кабыл алуу жана аны өздөрүндө жайылтуу үчүн мусулман өкүлчүлүктөрү барышкан. Исмаил Гаспринскийдин жолун жолдоочулар жана гезитке жазылуучулардын саны өскөн.

1886-ж. ал «Терджиман» гезитинде «Кулактандыруу баракчасы» деген аталыштагы рекламалык тиркеме бөлүгүн киргизген. Бул коммерциялык мамиле гезитке жазылуучулардын саны өскөн, ошол эле учурда басмакананын материалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн көбөйүшүнө да шартаган.

1887-1889-жылдары “Терджиман” гезитине И.Гаспринский өзүнүн “Дар ур-рахат” (“Страна благоденствия”) аттуу романын билимдүү саякатчы, молдо Аббас Франсавдын атынан жарык көргөн [2, 47-б.].

Кыскасы, 1883-жылдан тартып “Тержиман” гезитине Россиянын чет жакасындагы түрдүү элдердин каада-салты, жашоосу, ошондой эле Индия, Египет, Түркия, Франция, Англия ж.б. өлкөлөрдүн турмушу, экономикасы, маданияты тууралуу маалыматтар үзгүлтүксүз жарыяланып турган.

Исмаил Гаспринский мусулман өлкөлөрүндө аялдарга билим берүү демилгесин көтөрүп чыккан. Ошондуктан, анын бүгүнкү күнгө чейин маанисин жоготпогон, актуалдуу маселелердин бирине айланган бул демилгенин ишке ашыруучусу, негиздөөчүсү катары да эсептешет. Агартуучу “Тержиман” гезитине тиркеме катары атайын “Аялдар дүйнөсү” журналын чыгарып, аялдар тууралуу өз көз карашын “Чыгыш жана Батыш аялдары” аттуу көлөмдүү макаласында чагылдырган.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

1893-ж. 10-апрелинде Бахчисарайда Терджиман гезитинин 10 жылдык юбилей белгиленген. Бул маарекеге шаар башчысы Мустафа Давидович да катышып, И. Гаспринскийдин аялы Зухра-ханымга белек катары мусулман аялдар үчүн кол өнөрчүлүк мектебин ачууну жана аны жеке өзү жетектерин билдирүү жасаган [8, 6-б.].

1893-ж. И. Гаспринский Орто Азияга жөнөйт, бул саякаты тууралуу «Терджиман» гезитине “Путешествие от Бахчисарая до Ташкента” деген макаласын жарыялаган. Ал Орто Азия аймагында «Самарканд, Бухара, Ташкент шаарларына келип, каршылыктарга карабай жадидчилик идеяларын таратып кетет, андыктан түркстандыктар аны жадидчиликтин «идеялык атасы» катары кабыл алат [13, 178-б.].

1895-ж. “Терджиман” гезитинин №38 санына В.В.Радловдун “О результатах дешифровки енисейских надписей” деген доклады боюнча макала жарык көргөн. И. Гаспринскийдин түрктөрдүн тарыхына болгон кызыгуусун жана анын жалпы түрк тегине, тилине көңүл бурууга жасаган аракетин көрсөтүп турат. Ушул эле жылы ал Стамбулга, Бакуга барат, бул тууралуу отчетун «Терджиман» гезитинин №25 санына жарыялаган.

1897-ж. ал мусулман ишеними тууралуу “Шериат-уль Ислам” (“Основы Ислама”) деген китебин чыгарып, анда мусулман диний ишенимдеринин, шариатын, ар бир мусулман үчүн зарыл болгон билимдин негиздерин жазган.

1900-ж ал тарабынан “Туркестанские улемы” («Түркстан окумуштуулары») деген чакан эмгек жарык көргөн. Анда 891 хиджра жылында каза болгон Шах Накшибенден башталган түркестандык окумуштуулардын кыскача өмүр баяны киргизилген. Ал буга окшогон бир канча чакан эмгектерди “Терджиман” гезитинин тиркемеси катары өзүнчө басып чыгарган. Ал эми 1904-ж. «Терджиман» гезитинин №55 санына көрүнүктүү египеттик муфтий М. Абдо жөнүндө маалымат берилген.

1883-1905-жж. И. Гаспринскийдин турмушунда жадиддик кыймылдын гүлдөгөн учуру жана анын идеяларрынын кеңири таралган мезгил катары белгиленет. XIX к. 80-ж. тартып жаңы типтеги мектеп жана медреселер Казанда («Мухаммадия», 1882-ж.), Оренбургда («Хусаиния», 1892-ж), Троицкиде («Расулия», 1893-ж.), Уфада («Галия», 1906-ж.) ж.б.у.с. [8, 6-б.].

Исмаил Гаспринскийдин агартуучулук ишмердүүлүгүн тарыхый окуялардан бөлүп кароого мүмкүн эмес. Анын идеялары эгерде аларды таратуу үчүн даярдалган таяныч болбосо жоопсуз калышы мүмкүн болчу. Андыктан, Исмаил-бейдин агартуучулук идеяларынын тез таралуусуна мүмкүндүк берген тарыхый өбөлгөлөрүнө көңүл буруу керек.

Ар кыл булактардан бул түшүнүктүн көптөгөн чечмеленишин байкоого болот : жадидизм – агартуучулук кыймыл, жадидизм – либералдык саясий кыймыл катары белгиленсе, көпчүлүк учурда жадидизм түшүнүгүн тюркизм (пантюркизм) менен да чаташтырышат [8, 6-б.].

Жадидчиликтин негизги максаттары төмөнкүлөрдү ишке ашыруу болгон:

1.Элдин сабатсыздыгын, караңгылыгын жоюу максатында жаңы усулдагы мектептерди ачуу. Аларды жаңы басылып чыккан адабияттар менен камсыз кылуу. Эл арасында мезгилдик басма сөз иштерин жолго салуу. Башкача айтканда күнүмдүк гезит-журналдар менен тейлөө;

2. Сабатсыздыкты жоюуда мектеп, медреселердин программасы чектелүү экендигин, мектеп-медреселерде реформа жүргүзүүнүн маңызын түшүндүрүү; [10, 13-б.]

3. Башкаруучу чөйрөдө аким, казылардын жөнөкөй элге жасаган кордуктарын ашкерелөө. Карапайым элдин укугун коргоо;

4. Жогорку бийликтегилердин мамлекеттик мүлктү талап-тоноолорун элге жеткирүү;

5. Той-топур жана сөөк жашыруудагы ысырапкерчиликти кыскартуу; [11, 87-б.]

6. Эл арасындагы маданиятсыздыкты, диндер аралык карама-каршылыкты жоюу максатында алдыңкы коомдук ой-пикирди калыптандыруу;

7. Жеке менчик тармагында менчиктин кол тийбестигин талап кылуу;

8. Ички сооданын жакшы өнүгүүсү үчүн жолдорду жана көпүрөлөрдү куруу, талап кылуу [12, 36-37-б.].

Андыктан, татар изилдөөчүсү Я.Г.Абдуллин бул кыймылга төмөндөгүдөй аныктама берген: *“Жадидизм феодалдык калдыктарга каршы чыккан кыймыл катары пайда болгон жана “жадид” термини коомдук турмушту жаңылоонун синоними катары пайдаланып калды.* Анын тегерегинде прогресс жана жаңы билимди таратуучулар, феодалдык идеологиянын жана орто кылымдык тартиптерга каршы чыккандар биригишкен. Жадидчилердин талаптары турмуштун жаңы формаларынын калыптануу кызыкчылыктарына жана улуттук аң сезимдин ойгонушуна кызмат өтөгөн” [8, 6-б.].

Салттуу мусулман мектебине караганда жадид мектептеринде парта, доска пайдаланылып, географиялык карталар колдонулган. Мындай мектептердин ачылышына адегенде Пишпек, Токмок жана Каракол шаарларына Казань, Уфа шаарларынан 1901-1902-жылдары келишкен татар агартуучулары демилгечи болушкан.

Жалпы түрк элдеринин сыймыгы, улуу агартуучу, коомдук ишмер жадидчилик кыймылынын негиздөөчүлөрдүн бири – Исмаил Гаспринскийди өзбек жазуучусу Хамза Хакимзаде “элге билим океанын ачкан адам” катары карап, аны “элдин руханий атасы” деп атаса, тажик окумуштуусу жана жазуучу Садриддин Айни “Чыгыштын улуу аалымы”, орус окумуштуусу А.Самойлович “Мусулман цивилизациясынын тарыхынын эң көрүнүктүү ишмери” деп баа беришкен.

*Жыйынтыктап жатып*, Исмаил Гаспринский жашаган доордо, тактап айтканда 1851-1914-жылдардын аралыгында Россиядагы жана дүйнөдөгү такай өзгөрүлүп турган коомдук-саясий кырдаал шарттарында – Крым согушу (1853-1856), Россиядагы улуу реформалар мезгилинде 1860-1870-ж.ж., орус-түрк согушу (1877-1878-жж.), орус-япон согушу(1904-1905-жж.), биринчи орус төңкөрүшү(1905-1907-жж.), младотүрк төңкөрүшү (1908-1909-жж.), ж.б. өткөн. Бул тарыхый окуялар өз учурунда Исмаил Гаспринскийдин коомдук-саясий көз карашынын, идеяларынын калыптанышына жана өнүгүшүнө зор таасир эткендигин белгилеп кетүү керек..

Кыскасы, Исмаил Гаспринский мусулман мектептери менен медреселерде окутуунун жаңы мазмуну менен методун киргизген, бул өз учурунда Россия империясынын, анын ичинде колонияларындагы жалпы түрк мусулман дүйнөсүнүн биригүүсүнө, доордун чакырыктарына туруштук бере ала турган жаңы типтеги түрк мусулман элдеринин интелигенциясынын калыптанышына түрткү болгон.

Ал эми алгачкы «Терджиман» гезити Россиянын аймагындагы жападан жалгыз түрк-орус тилиндеги басылма болгондуктан түрк тилдүү элдердин окурман интеллигенциясына зор таасир эткен. Андыктан Исмаил Гаспринскийдин жаңы типтеги жадиддик мектептери жана «Терджиман» гезити Россия империясынын аймагындагы жалпы түрк мусулман элдеринин караңгылыгын жоюуда, аларды биримдикке чакырууда негизги курал боло алган.

**Адабияттар тизмеси**

1. Тихонова Роль крымско-татарской газеты «Переводчик-Терджиман» в этнокультурном и политическом дискурсе в России в 1880–1910-е гг. Спб., 2019. [Электронный ресурс] – Режим доступа: https://docspace.kubsu.ru/docspace/bitstream/handle/1/1312/%D0%94%D0%B8%D1%81%D1%81%D0%B5%D1%80%D1%82%D0%B0%D1%86%D0%B8%D1%8F%20%28%D0%A2%D0%B8%D1%85%D0%BE%D0%BD%D0%BE%D0%B2%D0%B0%20%D0%9D.%D0%95.%29.pdf?sequence=1&isAllowed=y

2. Османов Ю.Б. Просветитель Востока Исмаил Гаспринский [Электронный ресурс] – Режим доступа: http://www.ndkt.org/download/14.html

3. Катков М. Н. Идеология охранительства [Электронный ресурс] Режим доступа: - https://studylib.ru/doc/2746669/katkov-m.-n.-ideologiya-ohranitel._stva

4. Лукаш В.Я. Исмаил-Бей Мустафа оглу Гаспринский – честь и совесть мусульманского народа. [Электронный ресурс] Режим доступа: http://dspace.nbuv.gov.ua/bitstream/handle/123456789/55425/13-Lukash.pdf?sequence=1

5. Исмаил Гаспралы (1851-1914) и развитие татарского просвещения./Материалы научно-практической конференции, посвященной 160-летию со дня рождения известного педагога и прсветителя тюрко-татарского мира 7 апреля 2011 г., Казань, 2012. [Электронный ресурс]. Режим доступа: http://www.tataroved.ru/publicat/new/Gasprin_sbornik.pdf

6. Граф Н.П. Игнатьев и Православный Восток [Текст]: документы, переписка, воспоминания. Т. 1. Записки о русской политике на Востоке. 1864–1887 гг. - М.: 2015.

7. Фадеева И.Л. Официальные доктрины в идеологии и политике османской империи. [Текст] / И.Л. Фадеева. - М.: 1985.

8. Ахунов А. Исмаил бей Гаспринский //Татарский мир. Вып. 14 (2013) [Электронный ресурс] Режим доступа:-. https://ru.calameo.com/read/001267152e567b1b50ce0

9. Исмаил Гаспринский. Русское мусульманство: Мысли, заметки и наблюдения мусульманина [Текст] / И.Гаспринский. – Казань: 1993.

10. Ходжаев Ф. К истории революции в Бухаре [Текст] /Ф.Ходжаев. – Ташкуент: 1926.

11. Умняков И.И. К истории новометодной школы в Бухаре [Текст] / И.Умянов. – Ташкент: 1927.

12. Гафаров Н. История культурно-просветительской деятельности джадидов в Бухарском эмирате [Текст] / Н.Гафаров. – Худжанд: 2000.

13. Зулуев Б.Б. XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы билимберуу тармагынын тарыхый өнүгүшү (Фергана өрөөнүн мисалында) [Текст] / Педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу учун жазылган диссертация / Б.Б.Зулуев. – 13.00.01. – Ош: 2018.